***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***
***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.62.76.036***

*Азизова Д.Ш., Матаев М.А., Назарова О.Н.*

# ДИНИЙ-МИСТИКАЛЫК ОКУУДАГЫ «МУЗЫКА» ФЕНОМЕНИН ЭКСПЛИКАЦИЯСЫ

*Азизова Д.Ш., Матаев М.А., Назарова О.Н.*

# ЭКСПЛИКАЦИЯ ФЕНОМЕНА «МУЗЫКА» В РЕЛИГИОЗНО-МИСТИЧЕСКОМ УЧЕНИИ

*D. Azizova, M. Mataev, O. Nazarova*

# EXPLICATION OF THE «MUSIC» PHENOMENON IN RELIGIOUS AND MYSTICAL TEACHING

*УДК: (1-925,2)*

*Суфизмдин эстетикалык концепциясында искусствонун түрлөрүнүн ичинен музыка өзгөчө орунда турган. Суфийлердин пикири боюнча музыка Таза дүйнөгө, башкача айтканда, Кудайдын дүйнөсүнө тиешелүү, ал Кудайдын рухунун гармониясы, ошондуктан музыка Кудайды түшүнүүдө адамдарга жардам берет, аларды жаман жолдордон сактайт. Суфизм эстетикасы поэзиядан өздөрүнүн идеалына жараша форманы жана мазмунду так ажыратышкан. Поэтикалык чыгарма эмоционалдуу жана кабыл алууга жеңил болууга тийиш. Ырдын мазмуну-бул барынан мурда жаратkандын рухтук күчүнүн ачыкка чыгышы, адам бул рух менен биригип тазаланат. Чыгарманын формасы – абсолюттук бытиенин материалдык дүйнөнүн предмети түрүндө чагылдырылышы. Суфийлер үчүн поэзия таза, жагымдуу форма жана ыргак, уйкаштыктардын куралышы гана эмес, ал ички дүйнөнүн керектөөсүнүн табигый түрдө ачык билиниши, абсолюттук сулуулук жана коздукту баамдай билүү, ага жетишүү. Суфийлик ырларды ири араб, перс, түрк жана азербайжан акындары (Аттар, Саади, Руми, Хафиз, Ниязи, Джами, Насими) жазышкан. Алардын поэзиясы символика менен байланышкан, бул исламдын кугунтуктоосунан чочулабай кескин пикирлерди билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген.*

***Негизги сөздөр:*** *абсолюттук бытие, геоденисттик музыка, ислам догмалары, поэзиялык табият, музыкалык искусство, катарсис, неоплатондук окуу, суфизм, эстетикалык гармония, этикалык ченем.*

*В эстетической концепции суфизма из всех видов искусства особое место занимала музыка. В понимании сущности музыки и её оценке идея суфизма противостояла исламской идеологии. Ислам, как нам известно, не любит никакой музыки, в преклонении перед Аллахом применение музыки запрещается. Поэтому эстетика суфизма сначала отказалась от музыки, но постепенно оценили и начали применять понемногу. По мнению приверженцев этого течения музыка относится к Чистому миру, т.е. миру Бога, это гармония духа Бога, поэтому она поможет людям в понимании Бога, спасает их от плохого поведения. Эстетика суфизма, согласно своим идеалам, чётко отличали форму и содержание от поэзии. Поэтическое произведение должно быть эмоциональным и легко воспринимаемым. Содержание стиха – это, прежде всего, обнаружение духовной силы создателя, человек соединяется с этим духом и очищается. Форма произведения – отражение абсолютного бытия в виде предмета материального мира. Для суфистов поэзия не только чистые, приятные форма и ритм, сложение рифм, это естественное проявление потребности внутреннего мира, умение разуметь красоту и прекрасное, достижение их. Суфийские стихи сочиняли крупные арабские, персидские, тюркские и азербайджанские поэты (Аттар, Саади, Руми, Хафиз, Ниязи, Джами, Насими). Их поэзия связана с символикой, это дало возможность выразить резкие мнения, не боясь изгнания.*

***Ключевые слова:*** *абсолютное бытие, геоденисттическая музыка, догмы ислама, природа поэзии, музыкальная искусство, катарсис, неоплатонская учения, суфизм, эстети-ческая гармония, этическая норма.*

*In the aesthetic concept of Sufism, of all art forms, music occupied a special place. In understanding the essence of music and its evaluation, the idea of Sufism opposed Islamic ideology. Islam, as we know, does not like any music, in worship of Allah, the use of music is prohibited. Therefore, the aesthetics of Sufism initially abandoned music, but gradually appreciated and began to apply little by little. According to the adherents of this trend, music belongs to the Pure World, i.e. the world of God, this is the harmony of the spirit of God, so it will help people in understanding God, save them from bad behavior. The aesthetics of Sufism, according to their ideals, clearly distinguished form and content from poetry. A poetic work should be emotional and easily perceived. The content of the verse is, first of all, the discovery of the spiritual power of the creator, a person unites with this spirit and is purified. The form of the work is a reflection of absolute being in the form of an object of the material world. For Sufis, poetry is not only a pure, pleasant form and rhythm, the addition of rhymes, it is a natural manifestation of the need for the inner world, the ability to understand beauty and beauty, to achieve them. Sufi poems were composed by major Arabic, Persian, Turkic and Azerbaijani poets (Attar, Saadi, Rumi, Hafiz, Niyazi, Jami, Nasimi). Their poetry is associated with symbolism, which made it possible to express strong opinions without fear of exile.*

***Key words:*** *absolute being, geodenistic music, Islamic dogma, nature of poetry, musical art, catharsis, Neoplatonic teachings, Sufism, aesthetic harmony, ethical norm.*

Музыка жөнүндөгү көпчүлүк орто кылымдык-трактаттарда ага илимий философиялык багыттардын чок ортосу, борбору катары баа берилет. Араб-мусулман философиясынын чектериндеги музыкалык илимдердин жаралуусу жана андан ары өнүгүүсү античалык философиялык мурастарды изилдөөгө алуу

менен терең байланышкан. Мусулман ойчулдарынын байыркы грек жана эллиндик илимдер, философия менен болгон байланышы жана аларга болгон кызыгуулары антикалык трактаттардын которулуусу менен шартталып турат. VIII кылымдан XI кылымга чейин философия, логика, медицина, математика, астрономия, география, музыка жана башка негизги илим тармактары боюнча байыркы грек жана эллиндик окумуштуулардын эмгектери араб тилине активдүүлүк менен которулган. Бул котормо иштерине аббасиддик халиф аль-Мамуном (813-833-жылдары бийлик башында болгон) түзгөн жана андан ары ишин улап кеткен багдаддык “Акылмандуулуктун үйү” абдан чоң кызмат аткарган.

Орто кылымдык араб-мусулман ойчулдарынын байыркы грек философторунун мурастарын өздөштүрүүсү менен нагыз “арабдык” илим тармактары (теология, мусулман укук таануусу, филология, грамматика, лексикография, калк жана дин тарыхы ж.б.) жана “четтен келди” деп эсептелинген илимдер (философия, так жана табигый илимдер) пайда боло жана андан ары өнүгө баштады. Чыгыш мусулман илим фондусуна антикалык философия менен бирге музыканын философиясынын элементтери да кирип келди.

“Музыка жөнүндөгү илимдин” (‘илмал-мӯсӣқā) өз алдынча пайда болуусуна жана андан ары өнүгүүсүнө алгачкы кадамдар фалсафанын өкүлдөрү – эллиндик философиялык традицияларга негизделген араб-мусулман философиясы тарабынан жасалган. Бирок да, музыка жөнүндөгү антикалык илимдин тийгизген таасирлерине карабастан мусулман музыкалык илими ал илимий булактардын кайталоосу, байыркы грек ойчулдарынын пикирлерине тек гана баяндама берүү болгон эмес.

Орто кылымдык мусулман маданиятында бардык илимий дисциплиналар философия тарабынан тартипке салынган жана бириктирилген. Философия, чындыгында, “илимдердин илими” катары кызмат кылып, аны өз алдынча илим катары кабыл алууга да болбос эле. Орто кылымдык араб-мусулман маданияты, андагы дисциплиналар ар бири өз алдынча эмес жалпы илимий-философиянын контекстинде изилдөөгө алынган. Биз азыр философтор деп атап жаткан Чыгыш ойчулдары өз изилдөөлөрүндө жана көз караштарында филологиялык, табият таануучулук, метафизикалык, музыкалык-теориялык жана башка илимдердин тармактарын, алардын элементтерин өз ара айкалыштыра алышкан. Ага аль-Фарабинин “Илимдердин классификациясы тууралуу сөз”, Ибн Синанын “Тазалыктын бир туугандарынын кайрылуусу”, “Дарылоо китеби”, “Сактап калуу китеби”, “Билимдердин китеби”, аш-Ширазинин “Акыйкаттык жана тазалык үчүн таажынын бермети”, аль-Амулинин “Илимдердин баалуулугу” сыяктуу илимий энциклопедиялары жана трактаттары эң сонун күбө боло алат. Бул энциклопедиялардын жана трактаттардын бардыгында музыкага арналган бөлүмдөр болгон. Орто кылымдык мусулман окумуштуулары тарабынан музыканын атайын илим тармагы каралып жатышы кокустук эмес. Ал мезгилдерде азыркыдай маалымат, искуствонун түрлөрүн жалпы берүүнүн жана таратуунун каражаттарынын болбогундугуна байланыштуу музыкага өзгөчө милдеттер жүктөлгөн жана ага чоң маани берилген. Ар бир өзүн маданияттуу жа-на илимдүү катары эсептеген жарандар музыкалык аспаптарда ойноону үйрөнүүгө аракет жасаган. Жогорку бийлик өкүлдөрүнүн өздөрүнүн жекече ырчы, бийчи, музыканттары болгон. Эң эле жөнөкөй мисал, кыргыз, казак элдеринин манап, бийлеринин аларды дайыма коштоп жүрүүчү эшик ырчылары болгон.

Орто кылымдардагы диний-мистикалык окуудагы (суфизмдеги) рухий-маданий эмгектеринде музыканын орду өзгөчө белгиленген. Жалпы музыканын маани-маңызын билүүдө, жана ага карата анализ жасоодо суфизмдик ойлор мусулмандык идеологияга карама-каршы келген. Мусулманчылыкта жалпыга маалым болгондой музыканы баалабай жана нарктабай келишкен. Шариат боюнча Аллага сыйынууда музыканы пайдалануу акылга сыйбаган иш болгон. Ошондуктан, диний-мистикалык маданий эстетикасы эң алгач музыкадан баш тартууга аргасыз болушкан. Кийинчерээк бул феноменди (музыканы) адамзатка эстетикалык рахат тартуулаган рухий азык экендигин түшүнүшүп аны акырындап үйрөнүшүп-колдонуша башташкан. Суфийлердин ойлорунда мусика адал дүйнөгө, башкача айтканда, Жараткандын дүйнөсүнө тиешелүү кубулуш катары карашкан. Музыка алар Алланын рухий гармониясы катары карашкан, натыйжада музыка Алла-Тааланы таанып-билүүдө инсандарга көмөк берген жана ар кандай терс касиеттерден арылткан рухий категория катары сыпатташып келишкен.

Музыка Кудай ааламынын чексиздиги катары саналат жана андан жаратылыштын бүтүндөй жалпы бөлүгү бийге айланат. Ушунан «чөйрөнүн гармониясы» жөнүндөгү пифагордук окуунун жана музыканын космостон келгендиги жөнүндөгү неоплатондук окуунун жаңырыктары байкалып турат жана алар суфийлердин каалосуна жараша өзгөртүлгөн деп божомолдоого болот [5, 94-95-бб.].

Ыргактуу жана жанга жагымдуу үндөр аркы дүйнөнүн үндөрүнө окшош, ушул себептүү ал адамдын жүрөгүн кытыгылап, анын каалоосун ойготот. Суфизмде музыка таанып-билүүчү күчкө жана чоң кубатка ээ, ал Кудай менен жакындашууда, жерден тышкаркы, реалдуу эмес турмушту аңдап-билүүдө гана эмес, адамдын жашоосунун психологиялык жана моралдык-этикалык жактарын таанып-билүүдө да жогоруда аталган эстетикалык-этикалык максаттарына жетет [5, 94-б.].

Рухий феномենди (мусиканы) таанып-билүү ыкмаларына таянып, суфизм төмөнкү үч жанрды бөлүп көрсөтөт:

1. Көңүл ачуучу,
2. Гедонисттик,
3. Экстаздык.

Көңүл көтөрүүчү музыка аты айтып тургандай адам үчүн өтө маанилүү жакшы да жана ошол эле учурда билинбеген терс да касиеттерге ээ болушу ыктымал. Мусулманчылыктын жол-жоболоруна карамандай каршы суфизм окуусунда жогоруда биз атап кеткен музыканын түрүнө чектөөлөр болбойт, мындай музыка кайсы бир учурларда ден-соолукка пайдалуу жана адамзатка рахат тартуулайт деп сыпатталат. Көңүл көтөрүүчү музыка ар кандай куштардын сайраганындай, кубулжуган бак-дарактардай жана жыпаржыттуу гүлдөрдөй жанга жагымдуу, ал инсанга рахат жана чоң сүйүнүчтү тартуулайт, көңүлүн ачат. Көңүл көтөрүүүчү мусиканын залалдуулугу - инсандардын денесин дүбүтүп, жүрөгүндө сүйүү ойготуп жибериши мүмкүндүгүндө, мистикалык окууда жогорудагыдай көңүл көтөргөн жагдайларга мүмкүнчүлүк жокко эсе.

Гедонисттик мусика, ал суфизмдик таржымал боюнча инсандын ички дүйнөсүн олку-солку кылган адамдын ички дүйнөсү менен тутумдашкан музыка саналат, мындай учурда инсан музыканын коштоосу жана жардамы менен чоң рахатка кабылышат.

Суфийлердин пикири боюнча музыкалык искусствонун жогорку теги болуп экстаздык мүнөздөгү музыка эсептелет, анын жардамы менен Жаратканга жакындашууга болгон умтулуу күчөйт. Мындай музыка Кудайга болгон сүйүүнү күчөтөт, адамды боорукердикке жана жакшы иштерге чакырат, адамды жамандыктардан, арамдыкка умтулуудан, ар түрдүү кызыгуулардан сактап, аны таза кармайт. Муну илимий адабияттарда эстетикалык катарсис деп аташат. Эстетикалык катарсисте биринчи планга искусствонун психотерапиялык эффектиси чыгат. Катарсис, өзүнүн рухун бекемдөөнүн, адамдын тынчсызданууу, кыжалатчылыктан жана терс эмоциялардан кутулуунун ыкмасы катары суфий маданиятынын манилүү элементи болуп келген жана азыр деле ошондой. Ага далил катары, Европада «бийчи дербиштер» ордени деп аталган Мевляна суфий орденин айтса болот. Мевляна (Мауляна) деген ат суфийлик акын Жалал-ад-дин Румини «биздин төрө» - «Мевляна» деп атагандан чыгат. Европалык аталышы болсо, суфийлик бул ордендин өкүлдөрү музыкалык аспаптардын коштоосу астында (экстаздык мүнөздөгү музыканын) ар түрдү дене кыймылдарын, анын ичинде оң бутунун тегерегинде айланууну камтыган зикр ритуалын аткарууга байланыштуу [4, 82-83-бб.].

Орто кылымдардагы чыгыш элдериндеги суфизмдик диний-мистикалык окуу музыка гана эмес маданий-эстетикалык ар кандай идея-ойлорду жараткан жападан-жалгыз диний агым катары өкүм сүрүп келген.

Суфизм өкүлдөрү коомдогу жат көрүнүштөргө кайгыруу менен алар музыкадан өздөрүнүн жан дүйнөсүнө жаккан жана ички сезимдерин, ой-толгоолорун канааттандырган рахатты алышкан. Акыйкат издөөдө ааламды эс-акыл аркылуу таанып билүүгө жана ой менен болумуштун ортосундагы кескин карамакаршылык суфизм өкүлдөрүн рухий турмуштан рахат издөөгө мажбурлаган.

Суфий музыкадан дисгармонияны таба алган эмес, ошондуктан ал музыканы Кудай менен байланыштырууга тийиш болгон. Музыканын жардамы менен гана «азап чегүү», «кайгы», «коркунуч», «сүйүү», «кубаныч» сыяктуу категориялар эстетикалык формага жана мазмунга ээ боло алган. Суфизм музыканын аткарылыш процессине да өзгөчө маани берген, мында төмөнкү үч шартты эске алуу зарыл: убакыт, жай жана угуучулар. Музыканттар жана угуучулар бул «үчилтикти» сактаганда гана музыка эмоционалдык мааниге, көркөм эффектке ээ болот, болбосо ал пайдасыз жумушка, ал тургай зыяндуу нерсеге да айланат. Музыкалык маанай - адамды музыканы угууга жана кабыл алууга психологиялык даярдоо. Жогоруда аталган «үчилтиктин» жай деп аталган шартын карап көрөлү, жол жүрүүдө, кайгылуу жагдайда же жагымсыз шартта көңүлү чөгүңкү адамдын ырдабай эле койгону дурус. Ыр, музыка учурунда дин ишмери же эч нерсени кыртышы сүйбөгөн, музыканы жактырбаган да, түшүнбөгөн да адам болсо дагы эч кандай музыканын кереги жок [5, 97-б.].

Суфийлер маданиятында ырчылардын тышкы көрүнүштөрүнө да, алардын абазына да катуу талаптар коюлган. Поэтикалык ыр аркылуу аны окуган адамдын, ырды ырдаган аткаруучунун жана бийлөөчүнүн сырткы келбети жакшынакай, абазы жанга жагымдуу болушу керек. Ошондой эле алардын кийинген кийимдери эстетикалык жактан жарашыктуу болушу абзел. Мындай сапаттар көрүүчү жана угуучунун ички сезимдерин көтөрүп, аларга эстетикалык жактан жагымдуу рахатты тартуулашын камсыз кылган.

Суфизмде мусиканы катарсиске ээ болуунун, мындай утурумдук жашоодогу Кудайга жетүүдөгү «тазалануунун» бирден-бир жолу катары пайдаланышкан. Жагымдуу, маанилүү, айрым учурларда кайгылуу ыргактуу ырлар келечекти максатуу кароого шарт түзгөн, мында жагдай мистиктиктердин кабылдоосун жана көңүлдөрүн, маанайларын реалдуулуктан ирреалдуулукка көтөргөн. Азап аркылуу аларга кенене жол ачылаарын белгилешкен. Бул болсо, байыркы Индиядагы Буддизм менен үндөшүп кетет. Ошондуктан, алар айрым учурларда көңүлдүн көтөрүлүшүн, жан дүйнөнүн тазарышын жана алардын

биримдиги аркылуу ар түрдүү жакшы аракеттерге жетишүүго мусиканын орду өзгөчө экендигин баса белгилешкен.

Көркөм ырдын маанисин билүүдө суфизмдик маданият Платон жана неоплатончулардын идеялары менен үндөшүп кетет. Неоплатондук идеялар да, суфийлердин искусстводогу ойлору да маданий рухтун кедергиси менен өсүп-өнүгүүгө кадам таштоо менен эстетиканын туура жолдорун таба алышкан эмес, ошондуктан мистикалык окууга барууга аргасыз болушкан. Демек, суфизмдик поэзияда Аллага макул болуунуну жана ага таазим этип жашоонун, ошондой эле тирүүлүктөгү ар кандай жыргалчылыктардан оолак болууну шарттаган элементтер бар. Ал эми көркөм ыр суфийлер үчүн жалпы ааламды түшүнүүдө, учурдагы жашоону жана чыныгы дүйнөнү ажыратып билүүнүн функциясын аткарган.

Суфизм эстетикасы поэзиядан өздөрүнүн идеалына жараша форманы жана мазмунду так ажыратышкан. Поэтикалык чыгарма эмоционалдуу жана кабыл алууга жеңил болууга тийиш. Ырдын мазмунубул баарынан мурда жаратканды рухтук күчүнүн ачыкка чыгышы, адам бул рух менен биригип тазаланат. Чыгарманын формасы – абсолюттук бытиенин материалдык дүйнөнүн предмети түрүндө чагылдырылышы. Суфийлер үчүн поэзия таза, жагымдуу форма жана ыргак, уйкаштыктардын куралышы гана эмес, ал ички дүйнөнүн керектөөсүнүн табигый түрдө ачык билиниши, абсолюттук сулуулук жана коздуктук баамдай билүү, ага жетишүү. Суфийлик ырларды ири араб, перс, түрк жана азербайжан акындары (Аттар, Саади, Руми, Хафиз, Ниязи, Джами, Насими) жазышкан. Алардын поэзиясы символика менен байланышкан, бул исламдын куугунтуктоосунан чочулабай кескин пикирлерди билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген. Суфий ойчулдарынын философиясындагы жана эстетикасындагы символ ислам догматынын туңгуюгунан чыгуунун аракети жана каражаты катары кызмат кылган. Мындай символдор күндөлүк сөздүк кордон (запас), дүйнөнү эң жөнөкөй түшүнүүдөн чыккан. Бул бир тараптан, суфий идеяларынын элдин аң-сезимине сиңишин жеңилдеткен, экинчи жактан, жөнөкөй эле кубулуштардын мистикалык түшүнүгүн күчөткөн. «Сүйүү», «каалоо», «жолугушуу», «жарык», «өбүү», «өбүшүү» сыяктуу сөздөр суфийлердин эстетикалык доктринасында адамдын Кудайга карата мамилесин, урматтап-барктоосун билдирген [5, 98-99-бб.].

Көркөм чыгармаларда көңүлү түздүк, акыйкаттык, ыраатуулук, гармониялуулукту, эмоционалдуулукту, ыргактуулукту жана көркөмдүктү сүрөттөгөн чыгармага суфизм маданий концепциясында өзгөчө маани берилгендиги жана ал ыр түрүндө жазылган чыгармалар менен бирге каралган, тактап айтканда «сөздөгү музыка» деген аксиомага дал келген. Суфизм эстетикасындагы музыка ички сезимдик күчтөрдүн кудурети менен угуучуларды өзгөчө абалга жана таң калдыруунун, инсандын ички дүйнөсүн ойготуучу, шыктандыруучу өзгөчө ролду аткарган.

**Адабияттар:**


1. Аль Сардади (Кардауи) Юсеф. Ислам: дозволенное и запретное. [Текст]/Аль Сардади (Кардауи) Юсеф./Пер. с араб. З. Арухова, Р. Гаджиева. - Алматы: Онер, 1994. - 142 с.
2. Веймарн Б.В. Искусство арабских народов (средневековый период). [Текст] / Б.В. Веймарн - М.: Искусство, 1960. - 199.
3. Джами А. Весенний сад. [Текст] / А.Джами. - Душанбе, 1964. - С. 53-54.
4. Ислам. Историографические очерки. - М.: Главная редакция Восточной литературы, 1991. - 288 с.
5. Исаков К.А., Азизова Д.Ш. Суфизмдин этика-эстетикалык табияты. [Текст] / К.А. Исаков, Д.Ш. Азизова. - Ош, 2020. - 150 б.
6. Курбанмамадов А. Эстетическая доктрина суфизма (опыт критического анализа). [Текст] /А. Курбанмамадов. - Душанбе, 1987. - С. 23.
7. Лирика. Из Персидско-Таджикской поэзии. Рудаки, Ибн Сина, Насир Хосров и др. - М.: Худ. лит., 1987. - 462 с.
8. Матякубов О. Аль-Фараби об основах музыки Востока. [Текст] /О. Матякубов. - Ташкент: Фан, 1986. - 86 с.
9. Рудаки. Стихи. [Текст] /Рудаки. - М., 1963. - С 44.
10. Сагадеев А.В. Эстетические взгляды арабов средневековья. // Очерки истории эстетических учений. [Текст] /А.В. Сагадеев. - М., 1963.
11. Исаков К.А., Исраилова Н., Матаев М.А. Влияние античных учений на средневековое искусство. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 2. С. 151-154.